| Кыргыз Республикасы<br>Жалал-Абад областы<br>Таш-Көмүр шаары<br>№4 Токтогул атындагы<br>ЖББОМи | | Кыргызская Республика<br>Жалал-Абадская область<br>г.Таш-Кумыр<br>сош. № 4 им. Токтогула |
|---|---|---|

0 (3745) 5-02-09

« 15 » сентябрь 2021 - ж. Таш-Көмүр шаары

**Буйрук № 23**

“№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемесинин "Ишеним кутучасы" жөнүндө

Мектеп жамаатынын , ата-энелердин жана окуучулардын укугун ишке ашыруу, купуялуулукту сактоо менен анонимдүү кайрылуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында буйрук кылам:

1. “№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемесинде ыктыярдуу анонимдуу кайрылуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн "Ишеним кутучасынын "иши жобого ылайык жүргүзүлсүн.

2. Ишеним кутучасы купуялуулукту сактоо максатында, кутуча элден оолак жерге орнотулсун.

3. Ишеним кутучасына тек гана көйгөйлөр, арыздар ж.б.гана эмес,мектептин окуу-процессине тарбия иштерине, материалдык-техникалык базасын жакшыртууга болгон сунуштарды, идеяларды жазуусуна окуучуларга шарт тузуп берүү мектеп администрациясына жүктөлсүн.

4. Буйруктун аткарылышынын көзөмөл кылууну өзүмө калтырамын.

Мектеп директору: Султанова З.А.

Scanned by TapScanner

“№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемеси

# “№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемесинин “Ишеним кутучасы” жөнүндөгү Жобосу

Таш-Көмүр шаары

2022-жыл

Scanned by TapScanner

**«№4 Токтогул атындагы жалпы билим берүүчү орто мектеби” мекемесинин**

**"Ишеним кутучасы" кат түрүндө билдирүү боюнча**

**Жобо**

"Ишеним кутучасына" анонимдүү каттар төмөнкү кырдаалдар менен байланышкан окуялар болсо, кат жүзүндө билдирсеңиздер болот:

1. Эгерде кимдир бирөө тарабынан намыска тийген сөздөр айтылса;
2. Мектеп ичинде рэкетчилик жана баңгичилик тууралуу маалыматың болсо;
3. Өзүң теңдүү же өзүңдөн чоңдор тарабынан зордук-зомбулук көрсөтүлсө;
4. Үй-бүлөлүк зордук- зомбулукка кабылсаң;
5. Мугалимдер менен пикир келишпестиктер болсо;
6. Классташтарың тарабынан кемсинтүү көрсөтүлсө;
7. Тамеки, насвай колдонгон окуучуну көрсөң;
8. Ата-энең ичимдик ичип, үйдө тынчтык болбосо;
9. Кимдир бирөө тарабынан акча талап кылынса же бирөөдөн бирөө талап кылып жатса;
10. Класстар арасында чыр-чатак пайда болсо ж.б.

Ошондой эле “Ишеним кутучага” тек гана көйгөйлөр, арыздар жана башка гана эмес, мектептин окуу-процессине, тарбия иштерине, материалдык-техникалык базасын жакшыртууга болгон сунуштарды, идеяларды жазсаңыздар да болорун баса белгилеп кеткибиз келет.

Мектептин ишин жакшыртуу барыбыздын милдетибиз.

Мектеп директору: Султанова З.А.

Scanned by TapScanner